КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАК
КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ № 43/VIII-27

Кенеш айылы

29.09.2017 – жыл

## Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн жаңы Уставын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын борбордук аймактык өкүлчүлүгүнүн (Чүй, Талас облустары жана Бишкек шаары боюнча) 2017-жылдын 24-июлундагы “Мониторинг өткөрүү жөнүндө” “01-25/32к буйругуна ылайык, 2017-жылдын 25- июлунда Кочкорбаев айыл өкмөтүндө Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын сакталышына мониторинг жүргүзүлгөн. Мониторинг убагында Айыл өкмөтүнүн укуктук статусун, ишинин уюштурулушун, тартибин так регламенттөөчү, ошондой эле башка органдар, уюмдар, мекемелер жана жарандар менен мамилесин аныктоочу документ – Кочкорбаев айылдык кенешинин 2010-жылдын 23-январындагы № 58 токтому менен бекитилген, 2010-жылдын 29-январында Чүй облустук юстиция башкармалыгынан юридикалык жак катары каттоодон өткөн (ГПР№0089823) Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн Уставына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында болуп өткөн өзгөрүүлөргө туура келбегендигине байланыштуу, толуктоолорду киргизүүгө туура келери аныкталды. Ушуга байланыштуу мыйзамдын өзгөрүүлөрүнө ылайыкталып, Устав жаны редакцияландыгын угуп жана талкуулап
Кочкорбаев айылдык Кенеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Кочкорбаев айыл аймагынын “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн – Уставы” мамлекеттик жана расмий тилде жаңы редакцияда бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын мыйзамында болуп өткөн өзгөрүүлөр эске алынып, Кочкорбаев айылдык Кенешинин 2010-жылдын 23-январындагы № 58 токтому менен бекитилген, 2010-жылдын 29-январында Чүй облустук юстиция башкармалыгынан юридикалык жак катары каттоодон өткөн (ГПР№0089823) Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн эски Уставы жараксыз деп табылсын.